**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти - филология илимдеринин доктору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Бакашова Жылдыз Кемеловнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)» деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

Изденүүчү Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, эксперт төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин көз карандысыздыктан берки өнүгүүсүнө жана азыркы абалына изилдөө жүргүзүлөт.

**2.Иштин максаты катары** 1991-2016-жылдарда Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүү тенденциясын, экстремалдык кырдаалдарды (1990, 1999, 2005-жана 2019-жылдардагы окуялар) жергиликтүү гезиттердин чагылдыруу өзгөчөлүктөрүн, бул багыттагы ийгиликтерин жана кемчиликтерин, базардык экономиканын шартындагы оор абалдарын, материалдарды берүү ыкмаларын изилдөө эсептелет.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Гезиттердин теориялык негиздерин аныктаган илимий-изилдөөлөргө сереп жасоо;

2. Жергиликтүү гезиттерге теориялык жактан мүнөздөмө берүү жана Кыргызстандын түштүк аймагындагы жергиликтүү гезиттердин эгемендүүлүктөн кийинки трансформацияларын, типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрүн талдоо;
3. Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин мисалында басма сөздүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн анализдөө;
4. Саясый, социалдык жана экономикалык жаңы шарттарды чагылдыруу өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
5. Көз карандысыздыктан бери ЖМКларга жүргүзүлгөн мониторингдерди, алар камтыган аймактардын саясый, социалдык өзгөчөлүктөрүн талдоо;
6. Журналисттерге коюлган доо-арыздар боюнча соттор чыгарган чечимдерди анализдөө жана практикалык сунуштарды берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертацияда Кыргызстандын түштүгүндөгү гезиттердин өнүгүшүнүн тарыхый жана практикалык өзгөчөлүктөрүнө, алардын тарыхтарына, окурмандар менен байланыштарына, кризистик учурларды чагылдыруудагы ролдоруна талдоо жүргүзүлгөн.

Изденүүчү адегенде Кыргызстандын түштүгүндөгү гезиттердин өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багытта (дүйнөлүк стандарттарды колдонуу менен) республикалык гезиттер менен салыштырма талдоо жүргүзүп, андан соң жергиликтүү мезгилдик басылмаларды түздөн-түз практикалык изилдөөгө өтөт.

Бул контексте диссертант талдоодо индукция менен дедукцияны, конкреттүүдөн –жалпылоолорго, жалпылоолордон-конкреттүүлөргө кайрылуу методдорун ийгиликтүү колдонуп, негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорду алганын көрсөтсө болот.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин объектиси Кыргызстандын түштүгүндөгү гезиттердин 1991-2016-жылдарда өнүгүшү деп так көрсөтүлгөн, аткарылган иш диссертациянын белгиленген максатына, милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изденүүчү 5 пункттан турган милдеттердин ар бирине журналистиканын салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Махабат Мамырова түштүк аймагында жашап иштеп, жергиликтүү гезиттер менен түздөн түз иштешип жүргөндүктөн өзүнүн практикалык билгендерин теориялык изилдөөгө айкалыштырган. Статистикалык маалыматтарды, мониторингдерди, соттук кароолордун материалдарын жыйноодо бир топ эмгек кылган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Бизде конкреттүү жазуучулардын публицистикасы, очерктери, интервьюлары, эпистолярдык мурастары боюнча изилдөөлөр, монографиялар, илимий-публицистикалык эмгектер аз эмес, бирок облус, район-шаардык ЖМКларга мурдагы советтик мезгилде деле изилдеп, талдоочулар жетиштүү көңүл бурушпаса, көз карандысыздыктан кийин илимдин гана эмес, материалдык, каржылык колдоолордон да сыртта калып, мурдагы туруктуу жазылуучуларын жоготуп, эң татаал сыноолорго тушуккандыгын жакшы билебиз. Кыргызстандын калкынын көпчүлүгү жашаган аймактагы жергиликтүү гезиттердин көз карандысыздыктан берки өнүгүшүн, өзгөчөлүктөрүн аймактагы маанилүү маселелердин, окуялардын тутумдарынан алып карап, эл аралык тажрыйбалар, ошондой эле республикалык басма сөз каражаттарынын материалдары менен салыштыруу аркылуу талдоо Кыргызстандын журналистикасын изилдөөнүн актуалдуу багыты. Ошондуктан, М.Мамырованын диссертациясы темасы, козгоп, талдаган маселеси боюнча актуалдуу болуп саналат. Муну төмөнкү факторлор менен түшүндүрүүгө болот:

1. Бизде республикалык ЖМКлар, алардын өнүгүшү, конкреттүү жазуучулардын, акындардын публицистикалары боюнча изилдөөлөр, монографиялар жетишерлик, бирок аймактардагы ЖМКлар, алардын өнүгүшү боюнча изилдөөлөр жокко эсе. М.Мамырованын диссертациясы бул багыттагы алгачкы эмгектерден.

2. Жергиликтүү ЖМКлар кризистик учурларда аябагандай чоң ролду ойной турганы 2010-жылдын июнундагы каргашалуу окуяларда ачык

көрүнгөн. Демек, алардын обьективдүү, калыс, мамлекеттин жана элдин кызыкчылыктары үчүн иштөөсү чоң мааниге ээ.

**3.** Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө негизги басым жасалып жатканда, жергиликтүү ЖМКларды өнүктүрүүгө да чоң көңүл бурулушу керек. "Күчтүү аймактарсыз-күчтүү мамлекет болбойт" деген принциптин жүзөгө ашырылышы үчүн журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар да жергиликтүү ЖМКлардын, анын ичинде гезиттердин өнүгүүсүнө кызыкдар болуусу, ал багытта теориялык, усулдук, практикалык изилдөөлөр үзгүлтүксүз жүргүзүлүп туруусу зарыл.

М.Мамырованын диссертациясы 3-бөлүмдөн, 9-параграфтан турат. Анын биринчи бөлүмү теманын теориялык жана усулдук негиздерине арналса, экинчи бөлүмү түздөн түз диссертациянын темасына –түштүктөгү мезгилдик басылмалардын багыттарына, коогалуу учурларды чагылдыруу өзгөчөлүктөрүнө, ал эми 3-бөлүм республикадагы мезгилдик басылмалар боюнча жүргүзүлгөн мониторингдердин отчетторуна, медиа комиссиялардын материалдарына, журналисттерге каршы доо-арыздарга арналган. Албетте, тема, козголгон, талданган маселе - изилдөөчүлөрдүн колдору тийе элек дыңдардан, аябагандай актуалдуу, бирок эмгек канчалык деңгээлде өз максатына жетип, алдына койгон милдеттерди чече алган, ал башка маселе.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертациялык эмгектин темасынын илимий жактан негизделүүсү тийиштүү деңгээлде чагылдырылган. Диссертант темага байланышы бар адабияттарды жетиштүү пайдаланган. Мамырова Махабат Каримовна гезиттер жаатындагы ата мекендик жана чет элдик алдыңкы изилдөөчүлөрдүн, эксперттердин эмгектерин колдонуп жана өзүнөн мурункулардын тажрыйбасын терең изилдегенин көрсөтүп, аны диссертациясынын темасын андан ары ачуу үчүн пайдаланган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын журналистикасынын өнүгүүсү үчүн пайдалуу эмгек деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште филология илимдеринин анын ичинде журналистиканын өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, анда илимий негизде биринчи жолу бир аймактагы гезиттердин өнүгүшүнө, саясый жана социалдык өтө маанилүү окуяларды чагылдырусуна кеңири талдоо жүргүзүлүп жаткандыгында турат. Бул изилдөө төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин эгемендүүлүктөн кийинки абалдары, ишмердүүлүктөрү, жаңы шарттарга жараша трансформациялары анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. чоң мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдыргандарынын көрсөтүлүүсү;
- Социалдык-саясий курч кырдаалдардагы жергиликтүү гезиттердин ордуларынын жана ролдорунун, алардын окурмандары менен байланыштарынын ачылып берилүүсү, жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши;
- Жергиликтүү гезиттердин ишмердүүлүктөрүнүн дүйнөлүк журналистиканын стандарттарынын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгылышы;
- Маанилүү окуяларды чагылдыруудагы жергиликтүү гезиттер менен республикалык, россиялык айрым гезиттердин ишмердүүлүктөрүнүн чагылдырылуусу.

3.2. Диссертацияда колдонулган дедукция, салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык анализдин методдору изилдөөнүн жүрүшүндө өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп, туура тыянак чыгарууга алып келген жакшы аргументтөө көрсөткүчү болгон.

3.3. Мамырова Махабат Каримовнанын Кыргызстандын түштүгүндөгү гезиттердин өзгөчүлүктүрүнө арналган бул чөйрөдөгү изилдөөсү оң пикирге татыктуу.

Диссертант өзүнүн ишинде колдонгон методдор жана адабияттар иштин ишенимдүүлүгүн жана жогорку теоретикалык дэңгээлин көрсөтөт.

3.4. Диссертацияда журналистика үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй квалификациялык белгилер бар:

1. Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердеги курч маселелер жана көйгөйлөр чагылдырылган.
2. Диссертациянын жыйынтыктары журналистика илими үчүн маанилүү.

3. Диссертациянын айрым жыйынтыктарын кыргыз журналистикасында колдонсо болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

1. Жогорку окуу жайларынын журналистика боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот.
2. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:**

1. «Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына саресеп (статья) [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 274-278-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=30547521
2. Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2017. – №3. – 121-124-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=30714968
3. Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] // М.К.Мамырова / Форум молодых ученых. – 2018. – №9 (25). – С. 533-537 ISSN 2500-4050 https://elibrary.ru/item.asp?id=36457153 Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь). [Текст] // М.К.Мамырова / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. – № 6. –-175-177-б. ISSN 1694-7649 https://elibrary.ru/item.asp?id=36423575
4. Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь). [Текст] // М.К.Мамырова / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6. –-184-186-б. ISSN 1694-7649 https://elibrary.ru/item.asp?id=36423578 Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну. [Текст] // М.К.Мамырова / ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=42965449 Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү. [Текст] // М.К.Мамырова / Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – №11. – 151-155-б. ISSN1694-7681 0,19 https://elibrary.ru/item.asp?id=45642132
5. Online training of students of applied physics in the field of circuitry [Текст] // М.К.Мамырова / Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 0220300,375/4 D.Luchaninov, R Bazhenov ... баары 5 адам https://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030

6. Электрондук басма сөздүн ММКдагы орду. [Текст] // М.К.Мамырова / Электрондук журнал ВАК. – 2021. 5 бет https://elibrary.ru/download/elibrary_42371560_59114053.pdf
7. Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести президента А. Атамбаева (доклад) [Текст] // М.К.Мамырова / IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. – С. 72-76 https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf
8. Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу. [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1281-1288-б. ISSN1694-7452 0,5 https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika_i_psihologiYubiley_Momunaliev_S._2021.pdf
9. Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы. [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452 https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika_i_psihologiYubiley_Momunaliev_S._2021.pdf

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**7. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык эмгекте байкалган бир катар кемчиликтерге токтолуп, аны жакшыртуу боюнча сунуштарыбыз төмөндөгүдөй:

1. Диссертациялык иште грамматикалык, стилистикалык, саясый ж.б. каталардын ашкере көптүгүн белгилегим келет. Эмгектин аталышында “түштүк аймагы” деп жазылса, 2-бөлүмдүн темасында, параграфтардын көпчүлүк жерлеринде “регион” деп жазылган. Титулдук барактан кийинки “Мазмуну” деген баракта 2 грамматикалык, 2 стилистикалык ката бар. Ал эми эмгектин ичиндеги ар бир бетинде кеминде 2-3төн ката жүрөт. Эки 45-чи бет бар. 46-47, 54, 57, 59, 61 беттерде 4-5тен грамматикалык ката жүрөт. 87-бетте “Жалал-Абад шаарындагы Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры” деген сүйлөм бар. Эки жолку Баатыр Жалал-Абад шаарында түгүл, облусунда деле болгон эмес.

2. Фактологиялык так эместиктер бар. Мисалга, 152-бетте “Скотный двор” романынын автору орус эли деп жазылган. Туурасы- Джордж Оруэлл.

3. Диссертант эмгегинде Лениндин доору, Сталиндин доору, Хрущевдун доору, Акаевдин доору, Бакиевдин доору, Атамбаевдин доору, Жээнбековдун доору ( 31-33 беттер) деп жаза берген. Саясый илимде андай түшүнүк жок. Ашып кетсе “мезгили” деп гана аталат. Кыргызстандын президенттеринин бийлик кылган жылдарын илимий эмгекте “доор” деп атаганга болбойт. Доор деген мезгилдик жана мейкиндик жактан аябагандай чоң, кеңири түшүнүк.

4. 54-бетте акын Жолон Мамытов “Ленин жолу” гезитинде иштеген делинет, ал өмүрүндө бул гезитте иштеген эмес, Ж.Мамытовдун алгачкы ыры 1954-жылы областтык “Ленин жолу” газетасына жарыяланганын балким адашып, иштеген деп жазып алгандай.

5. 42-43 беттерде Ала-Бука райондук “Эмгек даңкы” гезити 1936-жылы негизделгени айтылат. Чындыгында 1928-жылы Кызыл-Жар району түзүлүп, ал кийин Жаңы-Жол районуна айландырылып, андан Ала-Бука, Чаткал райондору, Таш-Көмүр шаары бөлүнгөн. Ала-Бука району 1937-ж. апрелде, Кызыл-Жар районунан бөлүнүп, өзүнчө район болуп уюшулуп жатса, Ала-Бука райондук “Эмгек даңкы” гезити 1936-жылы каяктан негизделмек эле деген суроо туулат?

6. 42-бетте 1940-жылга чейин түштүктө 9 гезит чыккандыгы айтылса, 43-бетте 1937-жылы республикада 38 райондук гезит чыккан делинет. Бул экөө бири-бирине каршы. Ошол убакта түштүктө 20га жакын район болгон.

7. Диссертант айрым терминдерди туура эмес пайдаланган. 46-бетте “вертикалдуу бийлик жана горизонталдуу бийлик” деген сөз айкаштары бар. Туурасы- бийликтин вертикалы болот, ансыз аны бийлик дегенге болбойт. Саясаттаанууда горизонталдуу бийлик деген түшүнүк жок.

8. 159-1960-беттерде *“Ушуга байланыштуу “контекст” деген түшүнүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү : “өлкөнүн ичиндеги контекст”, “өлкөлөрдүн алкагындагы контекст”, “дүйнөнүн булуң-бурчтарындагы контекст” бар”,-* деп жазылган. Контексттин кыргызчасы-тутум, ал негизинен тексттерге, процесстерге карата эле колдонулат. 159-бетте “регион” деген түшүнүктү чечмелегени ашыкча, көлөмдү көбөйтүү үчүн эле жасалган.

9. Диссертациянын 1-негиздеме бөлүмүн автор Кыргызстандагы, анын ичинде түштүктөгү жергиликтүү ЖМКлар кандай нормативдик

документтердин негизинде түзүлүп, басма сөздүн милдети кандай калыптангандыгына басым жасап, көз карандысыздыктан кийин алардын кайсы мазмунда, тартипте калгандыгы айтылып, анан талдоо улантылса реалдуу чындыкkка жакын болмок.

10. Диссертация илимий стилде эмес, маалымдама стилинде жазылган. Талдап, анализдин негизинде илимий жыйынтыктарды чыгарып, жалпылоо эмес, жөн эле фактыларды тизмектеп, окуяларды баяндап берүү үстөмдүк кылат. Алсак, 66-75-беттерде Ош, Жалал-Абал облустарындагы 25 гезит саналып, алардын кыскача тактамалары берилген. Муну, фактыларды жылаңач саноо же жөнөкөй арифметика деп коёт. Андан кийин журналисттерди сотко бергендерди санап келип, 78- беттен Баткен облусундагы гезиттерди санаганга өтүп, 83- беттен кайрадан Ош облусундагы мезгилдик басылмаларга өтөт. Же мурдагылар кайталанат. Системалуулук, логикалык ырааттуулук, илимий талдоо жана негиздемер сакталган эмес.

11. Диссертациянын титулдук барагында 1991-2016-жылдардагы гезиттер талданганы көрсөтүлгөн. Бирок, 53-58, 60, 63-беттерде 2018-2019-жылдардагы айрым басылмалардагы макалалар, ал эми 64-бетте “Кутбилим” гезитинин 2020-жылдагы бир саны талданып, К.Чекировдун чейрек кылымдан бери ал басылмада башкы редактор болуп иштеп келаткандыгы айтылат.

12. Диссертациянын эң башкы максаттарынын бири- экстремалдык учурларды (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002, апрель-2010, түштүк-2010 жыл, июнь) чагылдыруудагы аймактык мезгилдик басылмалардын ордуларын, ролдорун ачып берүү болсо, ал ишке ашкан эмес. Диссертант жогоруда айтылгандарды чагылдыруудагы, бери дегенде 2-3 аймактык басылманын ишин кеңири ачып берип, анан башка басылмаларга мүнөздүү нерселерди да талдап, анан илимий жалпыласа, ынанымдуу да, кызыктуу да болмок. Тескерисинче, ал окуяларды чагылдыруудагы республикалык мезгилдик басылмалардын айрымдарына гана токтолуп, өзүнүн түздөн түз темасын көңүлдөн чыгарып салган. Мисалы, Ош, Жалал-Абаддагы 2010-жылдын июнундагы кандуу кагылышуулардын жаралышында айрым мезгилдик ЖМКлардын деструктивдүү ролдору аябагандай чоң болгон. К.Батыров жетектеген сепаратисттер ошол жылы май-июнь айларында өзбектер компакттуу жашаган шаарларда, айыл-кыштактарда автономияны талап кылган 30га жакын митингдерди өткөрүшсө, алардын баарын өзбек

тилиндеги ЖМКлар күнү-түнү (телерадиолор) тынбай кайталап көрсөтүп, элди козутуп турушкан. Бирок, эмгектин “экстремалдык кырдаалдарга” арналган 2-бабында жергиликтүү ЖМКлардын мына ошондогу оң, терс ролдору жөнүндө бир да сөз жок. Анда эмнеге эмгектин 2-бөлүмүнө андай тема коюлган?

13. Эмгекте олдоксон сүйлөмдөр аз эмес. “Бийлик менен басма сөздүн ортосунда тирешүү болуп турушу керек” (б.47), “Коомдо эки чоң дубал бар: бири-бийлик, экинчиси- медиа каражат” (б.161) ж.б.у.с. Чынын айтуу керек, ЖМКларды дубалга теңегенди биринчи кезиктирүүдөбүз.

14. Диссертацияда орус тилиндеги шилтемелер адегенде орусча берилет да, анын түбүнө кыргызча котормосу келтирилет (133-153 бб., башка жерлерде да аз эмес). Биздин оюбузча, кыргызча котормосу берилгени эле туура болмок. Эмгектин көлөмүн антип жасалма көбөйтүү туура эмес.

15. 3-бөлүмдүн жалпы темасы, тексти кыргызча болгон менен, майда темачаларынын көбү орусча. Бул бөлүмдө негизинен республикалык ЖМКлар талдангандыктан, анын эмгектин чыныгы максатына, милдетине тиешеси жок.

16. 3.3. параграфтын “Журналисттерге коюлган доо-арыздар чыгарган соттордун чечимдеринин укуктук негиздери” деген темасы грамматикалык, стилистикалык гана эмес, укуктук жактан да туура эмес. Журналистиканын этикасына да ылайык келбейт. Журналисттер эч качан соттордун чечимдеринен укуктук негиздерди издебеши керек. Анда соттордун адвокаттарына айланышат.

17. Корутунду максатына жетпеген, мурда айтылгандардын айрым жерлерин кайталоо болуп калган.

Бирок, бул каталарды коргоого чейин оңдосо болот.

**7. Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар**.

Бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм жана расмий оппоненттер илимий иштеги жогоруда айтылган кемчиликтери четтетилгенден кийин такталат.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациядагы грамматикалык, синтаксистик, терминдик жана фактографиялык каталарды оңдоп, түзүмүн, стилистикалык аспектилерин оптималдаштыруу жана шилтемелердин кыргызча варианттарын гана калтырган ылайыктуу.

Диссертациянын титулдук барагында 1991-2016-жылдардагы гезиттер талданганы көрсөтүлгөн. Бирок, 53-58, 60, 63-беттерде 2018-2020-жылдардагы гезиттер да талданган. Аларды алып салуу керек. Диссертациянын авторефератын дагы бир жолу редакциялап, сыдыргыдан өткөрүү сунушталат.

**9. Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандагы жергиликтүү гезиттерди изилдөө, алардын азыркы учурдагы ордуларын жана ролдорун талдоо боюнча биринчи толук масштабдуу иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн абдан маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилеп кетиш керек. Бул контекстте диссертациянын темасы жогорку теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып**,КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.20.616 диссертациялык кеңешине 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)»** деген темадагы диссертациясындагы жогоруда айтылган кемчиликтери четтетилгенден кийин, диссертациялык эмгекти коргоого сунуш кылса болот деп эсептейбиз.

**Эксперт,**
**филология илимдеринин доктору Бакашова Жылдыз Кемеловна**

**20.06.2023**

**Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**
**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к. Н.Ыйсаева**

**М.К. Мамырованын филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагында гезиттердин өнүгүүсү (1991-1916-жылдар)” деген темадагы диссертациясы жөнүндө**

**П И К И Р**

М.Мамырова мурда айтылган сын-сунуштарды дыкат кабыл алып, өзүнүн эмгегин илимий-теориялык, стилдик жактан жакшыртуу боюнча көп иштеп, негиздүү алымчаларды, кошумчаларды киргизген. “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы газеталардын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү” деп аталган 3-бап түп тамырынан кайра иштелип чыгылып, олуттуу өзгөртүүлөр киргизилип, кайталанган жерлери кыскартылган. 2-баптын “Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрү” деген 2-параграфы жөнүндө да ушундай пикирди айтса болот. Эмгектин тексти синтаксисттик, грамматикалык жана стилистикалык жактардан да кыйла жакшырган. 1-баптын да көп жерлери кайра иштелип, теориялык жана усулдук жетишерлик материалдар киргизилип, негиздемелик жана аргументтик базасы күчөтүлгөн. Эмгектин экинчи вариантындагы биз көрсөткөн каталардын, кемчиликтердин көбү четтетилген.

3-баптагы “Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг. январь-декабрь 2004”., “Мониторинг нарушений прав журналистов и СМИ в Кыргызской Республике. Апрель-май 2019 года” деген орусча темалар алынып, алардын кыргызча котормолору берилген.

Бирок, талапкер шашканданбы же башка себептерденби, айтор, айрым принципиалдуу сын-сунуштардан жыйынтык чыгарган эмес. Экинчи вариант боюнча: “... саясый (тарыхый десе да болот) ката, диссертант эмгегинин 33-бетинде “Аскар Акаевдин доору..., Курманбек Бакиевдин доору..., Алмаз Атамбаевдин доору..” деп жазган, мындай сөз айкаштары башка беттерде да кезигет. Доор деген түшүнүк мезгилдик мейкиндик жактан абдан чоң убакытты жана тилкени (маселен, таш доору, коло доору) камтыйт. 5-15 жылдык локалдык окуяларды доор деген эң бери дегенде осолдук”,- аны убагы, мезгили деген сөздөр алмаштыруу керек деп жазсак, эмгек кайра иштелгенде ал абзац 48-

бетке жылып, Ч.Абдиеванын эмгегинен алынган шилтеме катары көрсөтүлгөн менен эң маанилүү термин алмаштырылган же аны аталган автордун катасы катары көрсөткөн комментария берилген эмес. Изилдөөнүн максаты илимий стилде жана туюнтмада так сыпатталбаган. Изилдөөнүн максатында: "Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сөздүн 1991-2016-жылдарда баскан жолун анализдеп, жыйынтык чыгаруу" (5-б.) деп айтылган. Биринчиден, бул сүйлөм синтаксисттик жактан туура эмес, "баскан жолу" деген сөз айкашы тирүү жандарга карата гана колдонулат.Ал жерге "эволюциясын талдап" деген ылайык келет. 11-беттеги "Аймактык басма сөз, аймактагы болуп жаткан окуяларды, саясий, социалдык, маданий маалыматтарды белгиленген убакытка чейин коомго бат-ыкчам жеткирүү" деген сүйлөм аягына чыгарылбай түшүнүксүз болуп калган. Мында каталар 9- ("көңүлдөн сырт калып келген"), 11- ("бийлике түздөн") беттерде да бар. "Аймактык басма сөз маалматтарды чагылдырууда чыныгы абалды жана эмоцияларды көрсөтүүгө өбөлгө болот" (б.12). "Гезиттердин жоголушу менен тилдик сабатсыздыгыбыз дагы да жогорулап кетеби деген гана тынчсыздануу бар [15] (б.25), -деген сүйлөмдөр да синтаксисттик жактан ката болуп саналат.

Азыр улуттук журналистикада жана лексикада, талапкер эмгегинин 11-12-беттеринде жазгандай, «массалык маалымат каражаты» эмес, «жалпыга маалымдоо каражаты» (ЖМК) деп айтылат жана жазылат. Бул термин катары таанылган жана коомдук аң сезимге сиңген. Статус деген латын сөзү бизде эбак эле «макам» деген туюнтмага айланган. Диссертант тема, параграфтарда «газета» деп жазса, ички текстте «гезит» (22 б.) деп жазылып жүргөн жерлер көп кездешет. Талапкер дүйнөлүк гезит-журналдар индустриясы жөнүндө жетиштүү билбей окшойт, болбосо "АКШ өлкөсүндө миллион нуска менен чыккан гезиттер бар (Россия, Индия, Кытайда деле ушундай), ошолорго удаа 5 миң нускалуу гезиттери да бар (кичинекей шаарларында) (б.69)- деп жазмак эмес. АКШ, Кытай, Япония, Индия сыяктуу айрым өлкөлөрдүн популярдуу гезиттери гана эмес, жумалык, айлык журналдары да миллиондогон, а түгүл ондогон миллиондогон нускаларда таркатылат.

Мурдагы варианттарга салыштырганда кескин азайган менен, тилекке каршы, үчүнчү вариантта да жетишерлик грамматикалык каталар кезигет. Мас. Бийлик кулатынды» ( б.75), Жамбыл обласынын расмий гезитин башкарган (б.92), **«Аксы турмушу»** – бул Аксы районунун мамлекеттик гезити... (б.114), «Ош шамы» газетасы үй жана көчөм айылдардын жаңылыктары менен (б.130) ж.б.д.у.с.

Мына ушул жогоруда аталгандарды дагы бир жолу сыдыргыдан өткөрүп, жактоого сунуш кылса болот.

**Бакашова Ж.К., ф.и.д., КР ИАнын корреспондент мүчөсү**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти - филология илимдеринин доктору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Бакашова Жылдыз Кемеловнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)»** деген темадагы диссертациясына

**КОРУТУНДУСУ**

Изденүүчү Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, эксперт төмөндөгүдөй чечимге келди:

8. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин көз карандысыздыктан берки өнүгүүсүнө жана азыркы абалына изилдөө жүргүзүлөт.

**2.Иштин максаты** 1991-2016-жылдарда Кыргызстандын аймактык гезиттердин өнүгүү тенденциясын, экстремалдык кырдаалдарды (1990, 1999, 2005-жана 2019-жылдардагы окуялар) жергиликтүү гезиттердин чагылдыруу өзгөчөлүктөрүн, бул багыттагы ийгиликтерин жана кемчиликтерин, базардык экономиканын шартындагы оор абалдарын, материалдарды берүү ыкмаларын изилдөө эсептелет.

Аймактык басма сөздүн бүгүнкү күндөгү абалы. Ар түрдүү маалымат, жаңылык, коомдук көз караш, ой пикирлерди калыптандыруу, саясий жана илим, билимдерди даңазалоо максатын көздөгөн. Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сөздүн 1991-2016-жылдарда баскан жолун анализдеп, жыйынтык чыгаруу. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык жагын, жанр жана стиль жактагы өзгөчөлүктөрүн аныктап, чагылдыруунун таржымалын изилдеген.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1.Гезиттердин тероиялык негиздерин аныктаган илимий-изилдөөлөргө сереп жасоо;

9. Аймактык басма сөз жөнүндөгү илимий түшүнүктөрдү тактап, маалымат каражаттардын коомдогу орду менен ролун анализдөө;
10. Аймактык басма сөздүн функцияларын аныктап, эгемен доорундагы өнүгүү этаптарды белгилөө;
11. Аймактык гезиттердин негизги түрлөрүн (типтерин) аныктаган;
    Аймактык жергиликтүү гезиттердин эгемендүүлүктөн кийинки трансформацияларын, типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрүн талдоо;
12. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык багытын белгилеп, жанр менен стиль жактагы өзгөчөлүктөрүн изилдөө менен Кыргызстандын аймактардагы гезиттердин мисалында басма сөздүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн анализдеп. «Ош жаңырыгы», «Ош шамы», «Баткен-таңы», «Акыйкат» газеталарынын контентинин негизги көйгөйлөрүн жана аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу менен өнүгүү процессин караган;
13. Жети аймактын гезиттерин мүнөздөп, өлкөдө түзүлгөн саясий кырдаалдардын таржымалын чагылдырган; Саясий, социалдык жана экономикалык жаңы шарттарды чагылдыруу өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
14. Ата Мекендик жана эл аралык коомдук медиа уюмдардын иштерин белгилеп, аймактык гезиттерге тийгизген таасирлерин аныктоо;
15. Журналисттин укугу, милдетин жана Этикалык кодекси жөнүндөгү расмий аныктамасын мүнөздөп берүү; Басма сөзгө тиешелүү доо арыздарды талдоо. Ош аймагында эмгектенип жаткан журналисттердин иш-аракеттерине айрым жаңы милдет, сунуштарды айтуу керектиги иштин темасын тандоого алып изилдөө жүргүзүлгөн;

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертацияда Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүшүнүн тарыхый жана практикалык өзгөчөлүктөрүнө, алардын тарыхтарына, окурмандар менен байланыштарына, кризистик учурларды чагылдыруудагы ролдоруна талдоо жүргүзүлгөн.

Изденүүчү адегенде Кыргызстандын жергиликтүү гезиттердин өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багытта (дүйнөлүк стандарттарды колдонуу менен) республикалык гезиттер менен салыштырма талдоо жүргүзүп, андан соң жергиликтүү мезгилдик басылмаларды түздөн-түз практикалык изилдөөгө өтөт.

Бул контексте диссертант талдоодо индукция менен дедукцияны, конкреттүүдөн-жалпылоолорго, жалпылоолордон-конкреттүүлөргө кайрылуу методдорун ийгиликтүү колдонуп, негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорду алганын көрсөтсө болот.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин объектиси Кыргызстандын аймактык гезиттеринин 1991-2016-жылдарда өнүгүшү деп так көрсөтүлгөн, аткарылган иш диссертациянын белгиленген максатына, милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изденүүчү 5 пункттан турган милдеттердин ар бирине журналистиканын салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Махабат Мамырова Жети облустун аймагында жайгашкан, жергиликтүү гезиттер менен түздөн - түз илимий ишин маанилүү жүргүзгөн, өзүнүн практикалык билгендерин теориялык изилдөөгө айкалыштырган. Аймактык басма сөздүн функцияларын жана маалыматтарды чагылдыруу чеберчилигин, журналисттердин укугу, милдети жана этикасы (түштүк аймагы боюнча) соттук кароолордун материалдарын жыйноодо бир топ эмгек кылган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Бизде конкреттүү жазуучулардын публицистикасы, очерктери, интервьюлары, эпистолярдык мурастары боюнча изилдөөлөр, монографиялар, илимий-публицистикалык эмгектер аз эмес, бирок облус, район-шаардык ЖМКларга мурдагы советтик мезгилде деле изилдеп, талдоочулар жетиштүү көңүл бурушпаса, көз карандысыздыктан кийин илимдин гана эмес, материалдык, каржылык колдоолордон да сыртта калып, мурдагы туруктуу жазылуучуларын жоготуп, эң татаал сыноолорго

тушуккандыгын жакшы билебиз. Кыргызстандын калкынын көпчүлүгү жашаган аймактагы жергиликтүү гезиттердин көз карандысыздыктан берки өнүгүшүн, өзгөчөлүктөрүн аймактагы маанилүү маселелердин, окуялардын тутумдарынан алып карап, эл аралык тажрыйбалар, ошондой эле республикалык басма сөз каражаттарынын материалдары менен салыштыруу аркылуу талдоо Кыргызстандын журналистикасын изилдөөнүн актуалдуу багыты. Ошондуктан, М.Мамырованын диссертациясынын темасы, козгоп, талдаган маселеси боюнча актуалдуу болуп саналат. Муну төмөнкү факторлор менен түшүндүрүүгө болот:

4. Бизде республикалык ЖМКлар, алардын өнүгүшү, конкреттүү жазуучулардын, акындардын публицистикалары боюнча изилдөөлөр, монографиялар жетишерлик, бирок аймактардагы ЖМКлар, алардын өнүгүшү боюнча изилдөөлөр жокко эсе. М.Мамырованын диссертациясы бул багыттагы алгачкы эмгектерден.

5. Жергиликтүү ЖМКлар кризистик учурларда аябагандай чоң ролду ойной турганы 2010-жылдын июнундагы каргашалуу окуяларда ачык көрүнгөн. Демек, алардын обьективдүү, калыс, мамлекеттин жана элдин кызыкчылыктары үчүн иштөөсү чоң мааниге ээ.

**6.** Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө негизги басым жасалып жатканда, жергиликтүү ЖМКларды өнүктүрүүгө да чоң көңүл бурулушу керек. “Күчтүү аймактарсыз-күчтүү мамлекет болбойт” деген принциптин жүзөгө ашырылышы үчүн журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар да жергиликтүү ЖМКлардын, анын ичинде гезиттердин өнүгүүсүнө кызыкдар болуусу, ал багытта теориялык, усулдук, практикалык изилдөөлөр үзгүлтүксүз жүргүзүлүп туруусу зарыл.

М.Мамырованын диссертациясы 3-бөлүмдө, жети облустун гезиттери жана өлкөдөгү саясий кырдаалдар. Анын биринчи бөлүмү теманын теориялык жана усулдук негиздерине арналса, экинчи бөлүмү түздөн - түз диссертациянын темасына. Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методору. Аймактык гезиттердин негизги түрлөрү (типтери), мезгилдик басылмалардын багыттарына, коогалуу учурларды чагылдыруу өзгөчөлүктөрүнө, жергиликтүү газеталарынын контентинин негизги көйгөйлөрүн жана аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу менен өнүгүү процесси каралды, буга чейинки жазылган эмгектерге мүнөздөмө берилген. Ата мекендик жана эл аралык коомдук медиа уюмдар боюнча, жергиликтүү аймактагы газеталардын абалы боюнча ишмердүүлүгү

жана тийгизген таасири, эмгектенип жаткан журналисттердин иш-аракеттерине айрым жаңы милдеттери бонча изилдеген. Журналисттердин укугу, милдети жана этикасы журналистиканын заманбап маселелеринин конкреттү милдеттер аныкталып, ушунун жыйынтыктары, илимий иштин курамына кире электиги көйгөйлүү маселе катары профессионалдык деңгээлдеги иликтөөнү талап кылат, изилдөөчү бул боюнча тыкыр изденгенин байкоого болот.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертациялык эмгектин темасынын илимий жактан негизделүүсү тийиштүү деңгээлде чагылдырылган. Диссертант темага байланышы бар адабияттарды жетиштүү пайдаланган. Мамырова Махабат Каримовна гезиттер жаатындагы ата мекендик жана чет элдик алдыңкы изилдөөчүлөрдүн, эксперттердин эмгектерин колдонуп жана өзүнөн мурункулардын тажрыйбасын терең изилдегенин көрсөтүп, аны диссертациясынын темасын андан ары ачуу үчүн пайдаланган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын журналистикасынын өнүгүүсү үчүн пайдалуу эмгек деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште филология илимдеринин анын ичинде журналистиканын өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, анда илимий негизде биринчи жолу бир аймактагы гезиттердин өнүгүшүнө, саясый жана социалдык өтө маанилүү окуяларды чагылдырусуна кеңири талдоо жүргүзүлүп жаткандыгында турат. Бул изилдөө төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- Кыргызстандын аймактык гезиттеринин эгемендүүлүктөн кийинки абалдары, ишмердүүлүктөрү, жаңы шарттарга жараша трансформациялары анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. чоң мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдыргандарынын көрсөтүлүүсү;

- Социалдык-саясий курч кырдаалдардагы жергиликтүү гезиттердин ордуларынын жана ролдорунун, алардын окурмандары менен байланыштарынын ачылып берилүүсү, жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши;
- Жергиликтүү гезиттердин ишмердүүлүктөрүнүн дүйнөлүк журналистиканын стандарттарынын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгылышы;
- Маанилүү окуяларды чагылдыруудагы жергиликтүү гезиттер менен республикалык, орусиялык айрым гезиттердин ишмердүүлүктөрүнүн чагылдырылуусу.

3.2. Диссертацияда колдонулган дедукция, салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык анализдин методдору изилдөөнүн жүрүшүндө өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп, туура тыянак чыгарууга алып келген жакшы аргументтөө көрсөткүчү болгон.

3.3. Мамырова Махабат Каримовнанын Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өзгөчүлүктүрүнө арналган бул чөйрөдөгү изилдөөсү оң пикирге татыктуу.

Диссертант өзүнүн ишинде колдонгон методдор жана адабияттар иштин ишенимдүүлүгүн жана жогорку теоретикалык дэңгээлин көрсөтөт.

3.4.Диссертацияда журналистика үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй квалификациялык белгилер бар:

4. Кыргызстандын жергиликтүү аймактык гезиттердеги курч маселелер жана көйгөйлөр чагылдырылган.
5. Диссертациянын жыйынтыктары журналистика илими үчүн маанилүү.
6. Диссертациянын айрым жыйынтыктарын кыргыз журналистикасында колдонсо болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

3. Жогорку окуу жайларынын журналистика боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот.
4. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:**

10.«Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына сaресеп (статья) [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 274-278-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=30547521
11.Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2017. – №3. – 121-124-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=30714968
12.Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] // М.К.Мамырова / Форум молодых ученых. – 2018. – №9 (25). – С. 533-537 ISSN 2500-4050 https://elibrary.ru/item.asp?id=36457153 Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь). [Текст] // М.К.Мамырова / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. – № 6. –-175-177-б. ISSN 1694-7649 https://elibrary.ru/item.asp?id=36423575
13.Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь). [Текст] // М.К.Мамырова / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6. –-184-186-б. ISSN 1694-7649 https://elibrary.ru/item.asp?id=36423578
14.Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну. [Текст] // М.К.Мамырова / ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б. ISSN1694-7452 https://elibrary.ru/item.asp?id=42965449 Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү. [Текст] // М.К.Мамырова / Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – №11. – 151-155-б. ISSN1694-7681 0,19 https://elibrary.ru/item.asp?id=45642132
15.Online training of students of applied physics in the field of circuitry [Текст] // М.К.Мамырова / Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 0220300,375/4 D.Luchaninov, R Bazhenov ... баары 5 адам https://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030
16.Электрондук басма сөздүн ММКдагы орду. [Текст] // М.К.Мамырова / Электрондук журнал ВАК. – 2021. 5 бет https://elibrary.ru/download/elibrary_42371560_59114053.pdf
17. Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести президента А. Атамбаева (доклад) [Текст] // М.К.Мамырова / IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. – С. 72-76 https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf
18.Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу. [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1281-1288-б. ISSN1694-7452 0,5 https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika_i_psihologiYubiley_Momunaliev_S._2021.pdf
19. Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы. [Текст] // М.К.Мамырова / Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452

https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika_i_psihologiYubiley_Momunaliev_S._2021.pdf

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1.Диссертация темасы, козгоп, талдаган маселелери боюнча актуалдуу. Эмгекте мурдагы варианттарында орун алган кемчиликтер негизинен четтетилип, кайра түзүлүп, жаңы маалыматтар жана талдоолор менен толукталып, көпчүлүк параграфтары чыйралтылып, сапаттык жактан жакшыртылган.

2.Биринчи, темасы жөнүндө. Эмгек мурдагы варианттарында “Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү” деп аталса, жаңысында жогоруда аталгандай өзгөртүлгөн.

Диссертациялык эмгекте байкалган бир катар кемчиликтерге токтолуп, аны жакшыртуу боюнча сунуштарыбыз төмөндөгүдөй:

3.Жаңы вариантта мурдагы “доору”, “горизонталдык бийлик”, “медиа дубал” деген сыяктуу одоно каталар четтетилген. Мурдагы варианттарда 9 параграф болсо, ал жаңысында кыскартылып, 8 болгон. Ар бапка “Тыянак” киргизилген. Экинчи бап “Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдору” деп аталган. Ал “Аймактык басма сөздү изилдөөнүн усулияты жана ыкмалары” деп аталса туура болмок. “Аймактык басма сөздүн функциялары” деген 1.2., “Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрү” деген 2.2. параграфтар ынанымдуу жаңы материалдар менен толукталган. Бирок, 3-баптын 3.1. параграфынын “Жети аймактын гезиттери жана өлкөдөгү саясый кырдаалдар” деп аталганы саясый гана эмес, илимий жактан да туура эмес. Ал аттын алдына арабаны койгондой болуп калган. Аны “Өлкөдөгү саясый процесстер жана аймактык гезиттер” деп атаганы туура болмок.

4. Жаңы вариантта да маалыматтарды констатациялап, таркатуу ыкмасында жазылган мисалдар кездешет. Буга мисал катары 42-беттеги: “Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясына бул сөздөрдүн аныктамаларын көрсөтүп, маалыматты туура жана толук берүүнүн ыкмалары кирет. Бул окурманды кызыктыруу жана түшүндүрүү үчүн жасалган аракет. Маалыматты белгиленген аудиториянын түшүнүктөрүнө ылайыктуу кылып бериш керек” деген сүйлөм тиркемдерин көрсөтсө болот. Мында жалпы

журналистиканы үйрөнүүнүн усулияты жөнүндө эмес, материалдарды ЖМКларга жайгаштыруунун ыкмалары тууралуу айтылып жаткандай таасир калтырат.

5. Диссертациянын 1-негиздеме бөлүмүн автор Кыргызстандагы, анын ичинде түштүктөгү жергиликтүү ЖМКлар кандай нормативдик документтердин негизинде түзүлүп, басма сөздүн милдети кандай калыптангандыгына басым жасап, көз карандысыздыктан кийин алардын кайсы мазмунда, тартипте калгандыгы айтылып, анан талдоо улантылса реалдуу чындыккка жакын болмок.

7. Диссертация илимий стилде эмес, маалымдама стилинде жазылган. Талдап, анализдин негизинде илимий жыйынтыктарды чыгарып, жалпылоо эмес, жөн эле фактыларды тизмектеп, окуяларды баяндап берүү үстөмдүк кылат. Системалуулук, логикалык ырааттуулук, илимий талдоо жана негиздемер сакталган эмес.

8.Диссертациянын эң башкы максаттарынын бири «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)», аралыгындагы маалыматтарды изденүүгө аракет кылып максатына жеткен. Өлкөнүн эгемендүү жылдардагы жергиликтүү аймагындагы газеталардын негизги типтери тууралуу, ЖМКда журналистиканын экстремалдуу учурлардын контекстиндеги тарыхы иликтеген илимий эмгек буга чейин изилдене элек теманы изденген. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жергиликтүү аймагындагы газеталардын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү абалы боюнча ишмердүүлүгү жана тийгизген таасири боюнча материалдары да биринчи жолу илимий изилдөөгө алынганы байкалат.

Ошондой эле Ата мекендик жана эл аралык медиа уюмдардын материалдары да илимий көз караштан биринчи жолу талданып изилденди. Буга чейин кыргыз журналистика илиминде биз жогоруда атаган маселелер көңүлдөн сырт калып келген. Диссертацияда булардын баары деталдуу талданып изилденди.

9. 1-баптын да көп жерлери кайра иштелип, теориялык жана усулдук жетишерлик материалдар киргизилип, негиздемелик жана аргумент базасы күчөтүлгөн. Эмгектин экинчи вариантындагы биз көрсөтүлгөн каталардын, кемчилдиктери көбү четтетилген.

10. 2-баптын «Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык багыты,

жанр жана стиль жактагы өзгөчөлүктөрү» деген 2-параграфы жөнүндө да ушундай пикир айтсак болот. Эмгектин тексти синтаксисттик, грамматикалык жана стилистикалык жактардан да кыйла жакшырган.

11. Мурда айтылган сын-сунуштарды дыкат кабыл алып, өзүнүн эмгегин илимий-теориялык, стилдик жактан жакшыртуу боюнча көп иштеп кошумча алымча киргизген. «Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жергиликтүү аймагындагы газеталардын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү» деп аталган 3-бап түп тамырынан кайра иштелип чыгылып, кайталанган жерлери кыскартылган.

12. 3-баптагы "Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг. январь-декабрь 2004"., "Мониторинг нарушений прав журналистов и СМИ в Кыргызской Республике. Апрель-май 2019 года" деген орусча темалар алынып, алардын кыргызча котормолору берилген.

"Аймактык басма сөз, аймактагы болуп жаткан окуяларды, саясий, социалдык, маданий маалыматтарды белгиленген убакытка чейин коомго бат-ыкчам жеткирүү" маселелерин караган.

Негизинен аракети жакшы, көп эмгек кылынган. Илим бир иш менен бүтпөйт, дайыма бири-бирин толуктаганы менен өнүгөт. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык багыты, жанр жана стиль жактагы өзгөчөлүктөрү каралып, мындай темалардын ийне-жибине чейин бир системага келтирилишин ийгилик катары баалоо керекпиз.

**7. Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**. Диссертациялык кеңиштин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм жана расмий** катары 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча

**8. Сунуштамалар:**

Диссертация талапка ылайык басмага даярдап, монографиялык эмгек катары жарыкка чыгууга болот**.**

**9. Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандагы жергиликтүү гезиттерди изилдөө, алардын азыркы учурдагы ордуларын жана ролдорун талдоо боюнча биринчи толук масштабдуу иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча

изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн абдан маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилеп кетиш керек. Бул контекстте диссертациянын темасы жогорку теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып**, диссертациялык иш боюнча УАКтын талаптарына ылайык журналдарда илимий макалаларды жетиштүү санда жарыялангандыгын белгилейт.

Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактын гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)» деп аталган темадагы 10.01.10 – филологиялык кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы талапка ылайык жетиштүү теориялык деңгээлинде иштелген жана журналистика адистигине керектүү илимий иш деп баалоо менен, коргоого сунуштаймын.

**КР Улуттук тарых музейинин директору,**
**ф.и.д., КР ИАнын корреспондент-мүчөсү** **Ж. Бакашова**

*Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:* ***12.11.2024***

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**